**Протокол торжественной части Второго очередного Съезда адвокатов Кыргызской Республики**

**Кыргызская национальная филармония им.Т.Сатылганова**
**г.Бишкек**
**просп. Чуй 253.**

**Начато: 10-30**
**Окончено: 12-05** **«30» сентября 2021 года**

**Видео ролик Адвокатура КР - 8 мин.**

В соответствии с п.1 ст.6 Закона Кыргызской Республики " Об адвокатуре и адвокатской деятельности" Председательствует на Съезде адвокатов председатель Совета адвокатов Адвокатуры Кыргызской Республики Райымкулов Билим Сардалбекович а также открывает и ведет Второй очередной Съезд адвокатов Кыргызской Республики.

**Председатель СА АКР:** «-Саламатсыздарбы!

Урматтуу Садыр Нургожоевич!

Ардактуу коноктор жана ардагерлер, урматтуу делегаттар!

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын кезектеги II Съездинде Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич катышып турат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Сот бийлигинин, Аткаруу бийлигинин жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, боордош мамлекеттердин адвокатураларынын жетекчилери:

- Россия Федерациясынын Адвокаттарынын Федералдык Палатасынын президенти Пилипенко Юрий Сергеевич,

- Беларусь Республикалык адвокаттар коллегиясынын төрагасы Чайчиц Виктор Иванович,

- Азербайжан Республикасынын Адвокаттар коллегиясынын төрагасы Анар Багиров,

- Өзбекстан Республикасынын Адвокаттар палатасынын төрагасы Эрназаров Алим Кадырович.

Эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коомдук ишмерлер, жарандык коомдун жана баардык аймактык адвокатуралардын өкүлдөрү катышууда.

Бул съезд Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы үчүн эң чоң тарыхый окуя.

Ардактуу коноктор, урматтуу Делегаттар!

Съездди ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер!

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни ойнолот

Урматтуу Делегаттар, ардактуу коноктор! Азыркы сөз Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нуркожоевичке берилет.»

**Вступление Президента Жапарова С.Н.**: «-Саламатсыздарбы урматтуу адвокаттар, урматтуу коноктор жана съезддин катышуучулары! Бүгүн биз Кыргыз Республикасынын Адвокатурасын өнүктүрүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүн талкуулоо үчүн ушул жерде чогулуп отурабыз..............................

Урматтуу адвокаттар, биздин жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ишиңиздерге жана коомчулук менен мамлекетте укуктун жана мыйзамдын улуктугу принцибин калыптандырууда кесиптик ийгиликтерди каалайм!

**Председатель СА АКР:** «-Ырахмат, урматтуу Садыр Нургожоевич.

Учурдан пайдаланып, бүгүнкү күн адвокатуранын ишмердүүлүгүнүн мындан ары алдыга жылышына чоң өбөлгө болот деп ишенебиз. Бирок ошону менен кошо кээ бир чечилбей келе жаткан маселелер да бар.

Соттук-укуктук реформанын бүтө электиги жана реформаны жүргүзүүдө кетирилген катачылыктар өлкөнүн өнүгүүсүндөгү тоскоолдуктардын бири болуп эсептелет. Адилеттүү, ачык-айкын сот жана укук коргоо системасын түзбөй туруп, мамлекетти өнүктүрүүгө, жарандардын укугун коргоого, акыйкат башкарууну түзүүгө мүмкүн эмес.

Сот жана укук коргоо ишин өркүндөтүү багытын милдеттүү түрдө улантуу зарыл. Сиздин Адвокатуранын көйгөлөлөрү жана кемчиликтери жөнүндөгү ачык-айкын айтылган анализиңиз, сын-пикир сунуштарыңыз сот жана укук коргоо ишин жаңылоого түрткү болот деп ишенем.

Мамлекетибизде соттук-укуктук реформаны сот тутуму жана укук коргоо органдары менен эле ишке ашыра албайбыз.

Себеби, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандардын жана адам укуктарынын эркиндиктерин коргоодо, адвокаттардын профессионалдык жактан юридикалык жардам берүүсү, Адвокатурага гана кепилденген.

Ошондуктан соттук-укуктук реформа, сот тутуму, укук коргоо органдары, Адвокатура институту менен кошо биргеликте иштешкенде гана ийгиликке жетишүүсү мүмкүн. Сот адилеттүүлүгүн, укук жана мыйзам үстөмдүүлүгүн жүзөгө ашырууда, жарандарга квалификациялык юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттардын ролу өтө чоң. Республикабыздын баардык аймактарында баардык жарандарга, адамдарга Мамлекет тарабынан кепилденген квалификациялык акысыз юридикалык жардам көрсөтүлүп келе жатат. Ал адвокаттар Юстиция министрлигинде атайын реестрде катталышкан.

Сиздин өз сөзүңүздө белгилеп кеткендей, Бишкек шаарынын Москва көчөсү -90 дерегинде жайгашкан чакан имаратты Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын балансына өткөрүп берүү боюнча чечкиндүү чечиминиз Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын ар-биринин жүрөгүндө ыраазычылык катары сакталып калаарына шек жок жана мындан ары адвокаттардын профессионалдык адвокаттык ишмердүүлүгүнө чоң импульс жаратат. Мындан сырткары бизде аймактык адвокатуралардын филиалдары иштейт. Бул филиалдарга да чакан болсо дагы өздөрүнө ылайык имарат кеңселерин чечип берсеңиз-Кыргыз адвокатурасы үчүн өтө чоң жаңылык кылмаксыз.

Адвокаттардын салык режимин, эркиндигин, көз карандысыздыгын, кол тийбестигин күчөтүү боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү, кошумчаларды киргизген учурубузда Адвокатуранын андан ары өркүндөп өсүшүнө сиздин түздөн-түз көзөмөлүнүз аркылуу баардык шарттар түзүлүп, маселелер чечилишине ишенебиз.

Дагы бирден-бир белгилеп кетүүчү нерсе, Жогорку Соттун төрайымы менен меморандум түзүп, Жогорку Соттун имаратынан адвокаттарга бөлмө бөлүнүп берилди. Бул дагы сот тутумунун адвокатурага болгон туура көз карашы.

Мындан ары баардык жергиликтүү соттордун имараттарында адвокаттарга атайын бөлмөлөр бөлүнүп берилишине көмөк көрсөтүшүнүздү суранып кетээр элем.

Биз Башкы прокуратура менен меморандум түзүп, адвокаттардын кесипкөйлүк укугун коргоо маселеси боюнча да, иш алып барабыз. Ошондой эле көптөгөн мамлекеттик жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен түзүлгөн келишимдер бар.

Мындан сырткары бир нече чет мамлекеттер менен меморандумдарга кол коюулуп иштеп баштадык. 2015-жылы КМШ өлкөлөрү менен “Хартия” түзгөнбүз.

Түрк тилдүү жана боордош мамлекеттер аралык Тюрк-Ав адвокаттар Союзу түзүлгөн. Орто Азия мамлекеттер аралык меморандумдарыбызга да кол коюулуп, бүгүнкү күндө өз натыйжасын берип келе жатат., Улуу Британия, Корея, Монголия менен түзгөн меморандумдарыбыз дагы жакын арада өз ийгилигин бере баштайт.

Садыр Нургожоевич сиздин бүгүнкү Съездге катышып бергендигиниз үчүн Кыргыз Республиксынын Адвокатурасынын адвокаттар Кеңешинин жана адвокаттарынын атынан Сизге терең ыраазычылык билдиребиз!

Бүгүнкү өтүп жаткан адвокаттардын кезектеги II Съездинин Салтанаттуу бөлүгүнүн өткөрүлүшү, Сиздин түздөн-түз чечкиндүү кадамыныз деп белгилейбиз!!!»

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостью, Президенту Федеральной палаты адвокатов Российской Федерации господину Пилипенко Юрию Сергеевичу.

Вступление Пилипенко Юрию Сергеевича.

Председатель СА АКР: «- Спасибо, Юрий Сергеевич!

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, председателю Коллегии адвокатов, Азербайджанской Республики господину **Багирову Анар**.»

Вступление **Анар Багирова.**

**Председатель СА АКР: «- Спасибо, Анар Багирович!**

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, председателю Коллегии адвокатов Республики Беларусь господину Чайчиц Виктору Ивановичу.»

Вступление Чайчиц Виктор Ивановича.

**Председатель СА АКР: «- Спасибо, Виктор Иванович!**

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, председателю Палаты юристов Республики Узбекистан Эрназарову Алим Кадыровичу.»

Вступление Эрназарова Алим Кадыровича!

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, директору проекта "Верховенство права в Кыргызской Республике", финансируемого Европейским Союзом, господину Стефанос Кареклас. »

Вступление **Стефанос Кареклас.**

**Председатель СА АКР:** «- Спасибо, Стефанос Кареклас!

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, директору проекта ЮСАИД господину Фред Хьюстон.

Вступление Фред Хьюстон.»

**Председатель СА АКР:** «- Спасибо, господин Фред Хьюстон!

Следующее слово предоставляется нашему уважаемому гостю, Министру юстиции Кыргызской Республики Чынбаевой Асель Рыспековне.»

Вступление Чынбаевой Асель Рыспековны.

**Председатель СА АКР:** «- Спасибо, Асель Рыспековна.

Урматтуу делегаттар, ардактуу коноктор! Ушуну менен съездин салтанатту бөлүгү аяктады.»

Уважаемые Делегаты, почетные гости и ветераны! Так завершилась торжественная часть съезда.

Перерыв на обед до 14:00.

**Председатель Совета адвокатов**
**Адвокатуры Кыргызской Республики** **Б.С.Райымкулов**

**И.о. руководителя аппарата** **А.Ирлан уулу**
**Адвокатуры Кыргызской Республики**